КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕКМОЛДО
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
БЕКМОЛДОЕВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**Депутаттардын Бекмолдо айылдык Кенешинин VIII-чакырылышынын кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**31.03.2023-жыл № 15** **Сасык-Булак айылы**

**Бекмолдо айыл аймагына видео көзөмөл камераларын коюу жөнүндө**

Күн тартибине коюлган маселени карап жана талкуулап чыгып, айылдык Кенештин кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Талас райондук Ички Иштер бөлүмүнүн 2023-жылдын 14.03.2023-жылдын № 23-4/ 1262 сандуу кайрылуусу канааттандырылсын.

- Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №60 “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында Бекмолдо айыл аймагынына видео көзөмөл коюу үчүн төмөндөгү даректеринен жер аянттары убактылуу пайдаланууга бөлүнүп берилсин.
- Кеңеш айылынын Шейшен көчөсүнүн №71 дарегиндеги мечиттин жанынан 16м.кв жер аянты бөлүнүп берилсин.
- Кеңеш айылынын Ч.Айтматов атындагы трасса жолунун жана Арал айылына кеткен жолунун кесилишиндеги №186 чөйрө сызыгынан 16м.кв жер аянты бөлүнүп берилсин.

2.Талас облостук ички иштер башкармалыгынын 2022-жылдын 23-декабрындагы № 36-10 / 9861 сандуу кайрылуусу канааттандырылсын.

- Талас облусунун аймагында кылмыштуулукту алдын алуу, болтурбоо жана аны менен күрөшүүдө заманбап технологиялардын жардамын колдонуп тийиштүү ыкчам иш-чараларды аткаруу үчүн Бекмолдо айыл аймагынын Кара-Ой айылына кылмыштуулукту, коомдук коопсуздукту түз байланышта көзөмөлдөөчү видеокамераларды коюу үчүн төмөндөгү даректеринен жер аянты убактылуу пайдаланууга бөлүнүп берилсин.
- Кара-Ой айылынын Дубаш уулу Ибраим көчөсүнүн №32 дарегиндеги ФАП мекемесинин арт жагынан 16м.кв жер аянты бөлүнүп берилсин.

- Видео көзөмөл камераларын коюу максатында керектелүүчү каражаттар менен камсыз кылуу жана орнотуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

2.Токтомдун аткаруу жагы Бекмолдо айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Ч.Нусубалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **С.Осмонов**